

**«Мыкты жаш окумуштуу» номинациясында 3-орун - Алишер кызы Салтанат 1993-жылдын 6-ноябрында Баткен облусунун Кадамжай районунда туулган, тарых илимдеринин кандидаты, ОшМУнун тарых жана юридика институтунун доценти.**

2015-жылы Кыргыз-Түрк Манас университетин «Тарых» адистиги боюнча аяктаган. 2017-жылы Россия Федерациясында Новосибирск Мамлекеттик университетинин «Археология жана этнография» багыты боюнча магистратурасын аяктаган. 2017-2020-жылдары жогоруда аталган университеттин аспирантура программасын аяктап, 2022-жылы кандидаттык диссертацияны ийгиликтүү коргогон.

РИНЦ, УАК КР, ВАК РФ, Web of Science, Scopus маалымат базасына кирген 80 ден ашык илимий эмгектин, андан сырткары 2 жамааттык монографиянын автору. 30дан ашык Германияда, Россияда, Францияда, Түркияда, Кытайда, Иранда, Казахстанда, Өзбекстанда, Тажикстанда өткөрүлгөн эл аралык конференцияларда илимий изилдөө иштеринин жыйынтыктарын тааныштырган.[1]

https://www.facebook.com/saltanat.alisherkyzy/

[1] *Сынакка катышкан учурдагы маалыматтар